Ар тараптуу лабораториялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө каралып жаткан булгагычты эң эффективдүү түрдө ажыратуучу микроорганизмдердин селекциясы жүргүзүлөт. Тандалып алынган штаммдар жылуу кандууларга болгон уулуулугу лабораториялык чычкандарга карата эң жогорку критерийлер менен жүргүзүлгөн тажрыйбалардын жыйынтыгында аныкталат. Ал критерийлер дары-дармек жана биотехнология продуктуларынын өндүрүшүндөгү продуцент-микроорганизмдердин коопсуздугун баалоо жөнүндөгү эл аралык келишимдерге ылайык төмөнкү пункттардан турат:

- **Вируленттүүлүгү**
- **Уулуулугу**
- **Токсигендүүлүгү**

Лабораордук жандыктардын башка ткандарындагы органдарындагы диссеминациясы (таралуусу). Комплекстүү лаборатордук изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен гана микроорганизмдерге “insitu” шарттарында тажрыйба жүргүзүүгө киришишет. Топурактын биоремедиация иштерине чейинки жана кийинки химиялык анализинин жыйынтыгы менен, колдонулган микроорганизмдин айлана-чөйрөгө зыянсыздыгы жөнүндө тыянак чыгарылат. Андан соң кабылалынган микроорганизмди химиялык заттар менен булганган топурактын биоремедиациясына колдонуунун технологиялары иштелип чыгат. Зыянсыз жана натыйжалуу деп кабыл алынган штамм алгач патенттелип, Эл аралык өнөр жай микроорганизмдеринин коллекциясын катталат. Демек, кандайдыр бир химиялык зат менен булганган топурактын биоремедиациясынын технологиясын иштеп чыгуу – микробиологдордун, биотехнологдордун, биохимиктердин, токсикологдордун, химик-аналитиктердин ж.б. профилдеги адистердин биргелешкен аракеттерин талап кылган, көп баскычтуу, узакка созулган процесс. Бул иш көп профилдүү жана көп баскычтуу болгонуна карабастан, топурактын биоремедиациясынын экологиялык жактан таза жана экономикалык жактан үнөмдүү технологияларын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

# 2- БӨЛҮК.

# МАТЕРИАЛДАР ЖАНА ЫКМАЛАР

Изилдөөнүн материалы катары Сузак районундагы уусактагычтардын топурак үлгүлөрү болду.

Сузак А уусактагычы, Сузак айылынын жанында, ал эми Сузак Б уусактагычы Кызыл-Байрак айылынын жанында жайгашкан.

## 2.1. Топурактын микрофлорасын изилдөө.

Изилдөөнүн объектилери катарында пестицид сакталган эски кампадан топурак үлгүлөрү алынды. Алынган үлгүлөрдүн микрофлорасын текшерүү максатында ар бир үлгү ЭПА чөйрөсүнө 3 кайталама, КАА чөйрөсүнө 2 кайталама жана Чапек чөйрөсүнө 2 кайталама кылып, суюлтуу ыкмасы менен лабораториялык шарттарда моделдик тажрыйба жасалды. Кампадан алынган топурактагы микроорганизмдер өсүп чыккан чөйрө менен контролдук вариантагы өсүп чыккан культуралар менен салыштырылды. Визуалдык айырмачылыкка ээ болгон 5 культура (бактерия) тандалып алынды. Аталган микроорганизмдер (бактериялар) кайрадан ЭПА чөйрөсүнө отургузулуп, маркированып, таза культурасы алынды.

## 2.2. Колдонулган чөйрөлөр жана алардын курамдары: ЭПА чөйрөсү:

1. Эт экстракты (Difco) – 3г;

2. Пептон (Difco) – 5г;

3. Агар-агар – 15г; 4. Суу – 1000мл; 5. pH – 7,2;

6. Стерилдөө убактысы – 30 мүнөт;

7. Басым – 1,5 атм;

**КАА чөйрөсү:**

1. Крахмал – 10г; 2. $(NH_4)_2SO_4$ – 2г;

3. $K_2HPO_4$ – 1г;

4. $MgSO_4$ – 1г;

5. $CaCO_3$ – 3г; 6. Суу – 1000мл;

7. pH – 5,6-6;

8. Стерилдөө убактысы – 30 мүнөт;

9. Басым – 1,5атм;

**Чапек чөйрөсү:**

1. Сахароза – 20г; 2. $CaCO_3$ – 0,7;

3. $KNO_3$ – 0,7г;

4. $MgSO_4$ – 0,35г;

5. NaCl – 0,35г;

6. $K_2HPO_4$ – 0,35г;

7. $FeSO_4$ – 0,01г;

8. Суу – 1000мл;

9. pH – 7,3;

10. Стерилдөө убактысы – 30 мүнөт; Басым – 1,5атм;

## 2.3 Моделдик тажрыйба жүргүзүү

2017-жылы, уусактагычтардан топурак үлгүлөрү алынган, алар хлорорганикалык пестициддердин кармалышына газхромотографиялык (***Chromatogram Master GC***, хлорорганикалык кошулмаларды сууда, топуракта газохромотографический метод определения хлорорганических пестицидов в воде, почве: МУ №4120-86 от 01.07.86) ыкма менен анализделинген.

Ал эми топурак микроорганизмдердин тобун аныктоо үчүн, жалпы микробиологиялык ыкма менен изилдедик. Эки түрдү топтоочу суюк минерал чөйрөлөрүн колдондук жана аларды үч күнгө t=26°C жана 180 об/м, инкубацияланды. Андан кийин алар азык чөйрөлөрүнө себилди: ЭПА (эт пептон агары-бактериялар үчүн); Чапек (микромицеттер үчүн) жана КАА (крахмал-аммиак чөйрөсү-актиномицеттер үчүн).

Ошентип, pH көрсөткүчүн азайтуу үчүн пестицид менен булганган топурактарга бир нече кошулмаларды киргиздик. Моделдик экспериментке төмөнкү варианттар алынды:

2.1 -жадыбал

Моделдик тажрыйбалардын варианттары

| № | **Тажрыйбанын варианттары** |
|---|---|
| 1. | Аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы |
| 2. | Гумин кислотасы, препарат «Эконат» + микроорганизмдердин ассоциациясы |
| 3. | Аммоний сульфаты+ микроорганизмдердин ассоциациясы |
| 4. | Мочевина ($CH_4N_2O$)+ микроорганизмдердин ассоциациясы |
| 5. | Контроль |







Сүрөт 2.1. Лабораториялык тажрыйбалар

# 3- БӨЛҮК

## ӨЗДҮК ИЗИЛДӨӨЛӨР

Акыркы убакытта табияттын булгануу көйгөйү абдан курч турары белгилүү. Көбүнчө булгануулар техногендүү калдыктардан турат. Алар абаны, суу акваториясын жана топуракты булгашат, аны менен бирге алардын ичиндеги тирүү организмдерди жабыркатышат. Пестицид, оор металлдар, күйүчү май жана нефть азыктары менен ж.б., топурактын жана жер астындагы (грунт) суулардын булганыусун олуттуу экологиялык катастрофа десек жаңылышпайбыз.

XX-кылымда синтетикалык пестициддер пайда болушту, алар көбүнчө хлорорганикалык жана фосфорорганикалык кошулмалардан турат. Белгилеп кетсек, СССР өлкөлөрү 20 жыл ичи (1950-1970 жж.) 4,5 млн. тонна ДДТ препараттарын колдонушкан [1].

Андан бери канча жыл өтсө да хлорорганикалык пестициддердин колдонуусунан айлана чөйрөгө негативдүү таасири азыркы күнгө чейин сакталат.

Бул заттар, сууда ээрибейт, айлана чөйрөдө туруктуу жана жылдап ажырабоосу белгилүү. Ошондой эле жаныбарлардын жана адамдардын май ткандарында кармалып, олуттуу ооруларды козгошу же өлүмгө чейин алып барышы мүмкүн. Азыркы учурда дүйнө жүзү боюнча хлорорганикалык пестициддердин өндүрүшүн жана колдонуусун тыю салынган [1,4,5,9].

Ошол эле учурда ушуга окшогон абдан уулуу заттарды тыю салгандан кийин, алардын массалык түрдө айыл чарбада колдонуусунан алынган, бирок ошону менен бирге, финансалык жана техникалык каражаттарынын жоктугуна байланыштуу аларды толугу менен жок кыла албай, алар кампаларда сакталып калган. Ага кошумча болуп, республиканын чарбаларында пландаштыруу системасы болгонуна байланыштуу, препараттардын жаңы партияларынын

Киргизүүсү toktogon эмес, ошол үчүн эскирген жана тыюга салынган пестициддери абдан көп санда болуп калган.

Бул заттарды жок кылуу көйгөйүн чечүү боюнча, башка өлкөлөрдүн мисалындагыдай эле “уусактагычтарды” курууну чечишет. Ошентип 1973-жылы, темирбетондук бункерлерге жана траншеяларга, жараксыз жана тыюга салынган пестициддердин 1313 тоннасы, ал эми 1980 жылы – 375 тоннасы көмүлгөн.

Эки уусактагыч Жалалабад облусунун Сузак районунда көмүлгөн.

Бирөсү Нарын облусунун Кочкор районунда жайгашкан[4,5].

Пестицид катары колдонулган, бардык химиялык кошулмалар, деструкцияга учурайт, алар абиотикалык жана биотикалык факторлорго жана алардын процесстерине жараша болот. Биотикалык факторлор катары топурактын микрофлорасына жараша болот.

Микробдук минерализация - органикалык ксенобиотиктерди жок кылуунун, эң эффективдүү жана экологиялык жактан коопсуз болгон ыкмалардын бири болуп саналат. Бул үчүн аборигендүү микрофлоранын гетеротрофтуу микроорганизмдерин, башкача айтканда, пестицид менен булганган топурактардын микрофлорасын колдонушат. Ошондой эле, бул ыкма айлана чөйрөгө жана адамга, жалпысынан башка организмдерге коопсуз ыкма болуп саналат [6,7,8].

Изилдөөнүн максаты-лабораториялык шартта, моделдик эксперимент жүргүзүү; микробдук деградацияга эффективдүү шартты түзүү, pH көрсөткүчүн азайтуу максатында ар кандай кошулмаларды жана аборигендүү микрофлорасын топуракка киргизүү саналат.

Азыркы учурда республикада үч уу сактагыч бар, бирөө Кочкор районунда, экөө Сузак районунда жайгашкан. Советтик союз мезгилинде илимпоздор, жайгашкан уусактагычтардын жерин тандоодо өз салымын кошушкан, алар, эл жашаган аймактарынан алыс жана грунт суулары терен болгон жерлердин тандашкан. Бирок, өкүнүчтүүсү, азыркы абалында Сузак-Б уусактагычы, айылдан

2 км алыс аралыкта эле жайгашат, бул абдан коркунучтуу абалды түзөт.

Пестициддер Кыргызстанда 40 жылдан ашык сакталышат. Бул убакытта айылдар кенейип, уусактагычтарга жакындап, алардын жанында мал жайылып оттошот. Кез кези менен малдардын уулануусу байкалат, андан адамдар ууланган фактылары кездешет [9].







Сүрөт.3.1.1 Сузак А уусактагычындагы долбоордун ишмердүүлүгү







Сүрөт.3.1.2. Сузак районундагы уусактагычтар

## 3.1. Сузак уусактагычынан алынган топурак үлгүлөрүнүн хромотографиялык анализи

Ал эми, топурак үлгүлөрү хлорорганикалык пестициддердин кармалышына изилденген. Таблицанын маалыматтары көрсөткөндөй, **Suzac A** уусактагычында, максималдуу кармалышы **Эндосульф+4.4 DDT- заты, ал 73,873 мг/кг**; **эндрин-альдегид-43,469; 4.4 DDD-35,621** топуракта кармалары белгилүү болду (табл.2).

Ал эми, **Suzac B,** уусактагычынын топурак үлгүлөрүндө максималдуу кармалышы **Гептахлор-эпокс – 15418,160; гептахлор – 1371,921; альдрин – 1326,939; D-BHC – 2283,103.** Ар бири чектен чыгуу концентрациясынан ПДК, абдан чон. Ал жердин экосистемасы бузулууга ээ болгону, хромотографиянын жыйынтыктары далилдешти.

3.1.1 -Жадыбал

**Suzac A** уусактагычынын топурак үлгүлөрүнүн хромотографиялык жыйынтыктары

| № | **хлорорганикалык кошулмалардын аталыштары** | **саны [мг/кг]** |
|---|---|---|
| 1 | A-BHC | 13,801 |
| 2 | **B-BHC** | **52,740** |
| 3 | G-BHC | 19,079 |
| 4 | **D-BHC** | **52,661** |
| 5 | Гептахлор | 4,537 |
| 6 | Альдрин | 7,353 |
| 7 | Гептахлор-епокс | 18,000 |
| 8 | Эндосуьфан-1 | 12,122 |
| 9 | 4.4 DDE | 27,567 |
| 10 | Дельдрин | 17,778 |
| 11 | **4.4 DDD** | **35,621** |
| 12 | Эндосульфан-2 | 25,601 |
| 13 | **Эндрин-альдегид** | **43,469** |
| 14 | **Эндосульф+4.4 DDT** | **73,873** |

3.1.2-Жадыбал.

**Suzac B** уусактагычынын топурак үлгүлөрүнүн хромотографиялык жыйынтыктары

| № | **хлорорганикалык кошулмалардын аталыштары** | **саны [мг/кг]** |
|---|---|---|
| 1 | A-BHC | 979,504 |
| 2 | B-BHC | 577,502 |
| 3 | G-BHC | 910,548 |
| 4 | **D-BHC** | **2283,103** |
| 5 | **Гептахлор** | **1371,921** |
| 6 | **Альдрин** | **1326,939** |
| 7 | **Гептахлор-епокс** | **15418,160** |
| 8 | Эндосульфан-1 | 462,358 |
| 9 | 4.4 DDE | 654,768 |
| 10 | Дельдрин | 268,031 |
| 11 | 4.4 DDD | 266,593 |
| 12 | Эндосульфан-2 | 743,211 |
| 13 | Эндосульф+4.4 DDT | 567,780 |

Хромотографиялык анализдин жыйынтыгы, көрсөтүп тургандай эле, хлорорганикалык кошулмалар, ПДКдан мин эсе көп, pH көрсөткүчтөрү, 8,08-9,20 экенин белгилүү.

## 3.2. Сузак уу сактагычынан алынган топурак үлгүлөрүнүн топурак микрофлорасы

Бирок, ага карабастан, микробиологиялык ар түрдүлүгү өстү, албетте абдан аз санда. Биздин ойдо, ушул топурак үлгүлөрүндө, таптакыр өсүү мүмкүн эмес, дегенбиз, бирок кедей микрофлора болсо дагы, эн туруктуу микроорганизмдин түрлөрү өсүштү. Ошентип, бактериялардын түрдүк курамы: *Micrococcus sp., Pseudomonas sp., Bacillus sp.*



Сүрөт.3.2.1 Сузак уусактагычынын топурагынын микрофлорасы



Сүрөт.3.2.2 Сузак уусактагычынын топураганан бөлүнгөн бактериялар



Сүрөт.3.2.3 Сузак уусактагычынын топураганан бөлүнгөн микромицеттер



Сүрөт.3.2.4 Сузак уусактагычынын топураганан бөлүнгөн микромицеттер

Башка изилдөөчүлөрдүн эмгектерине карата [10],*Pseudomonas* бактериясы, ксенобиотиктер менен булганган, объектерде көп кездешерин айтышкан. Ошондой эле, токсикалдуу курамдарды ажыратууда, эн эффективдүү бактериалдык уруусу деп аныкталган. Бул курамдарды ажыратуу касиети, бактериялардын, бул курамдар менен байланыш түзүү убактысына, айлана чөйрөнүн шарттарына, жана физиологиялык универсалдуулугуна жараша болот экен. Башка отчетко таянсак [6,7], *Pseudomonas-тын* үч түрү гербициддин aroclor1242, заттарын, деградациялык проценти менен 99,8, 89,4 жана 98,4 ажыратууга жөндөмдүү келишет. Биздин Кыргызстанда, өзүбүздүн изилдөөлөрүбүзгө таянсак, *Pseudomonas fluorescens* түрү, нефть азыктарын ажыратууга жөндөмдүү болгон, ал боюнча патент дагы алынган жана бир нече макалалар дагы жарыяланган экен[2,3].

## 3.3. Бактериялардын табыгый изоляттарынын фенотипикалык мүнөздөмөсү

Сузак уусактагычынан бөлүнгөн штаммдарын идентификация анализин жүргүзүү үчүн бир нече морфо-физиологиялык жана биохимиялык касиеттерин изилдедик. Ал үчүн бөлүнгөн микрорганизмдердин алдына ала грам терс жана грам он топторго бөлдүк. Анын жыйынтыктары боюнча бактериялардын түрдүк курамы: *Micrococcus sp., Pseudomonas sp., Bacillus sp.* экендиги белгилүү болду.

Андан соң бактериялардын идентификациясы биохимиялык анализдин жардамы менен жүргүзүлдү. Биохимиялык анализ үчүн бир нече канттын түрлөрү (арабиноза, сахароза, глюкоза, инозит, мальтоза) алынды:

**Жалпы мүнөздөмөсү**

*Pseudomonas* бактериясынын клеткалалары таякча тибинде түз же бир аз ийрейген болушат. Клетканын өлчөмү, диаметри 0,5 до 1 мкм, ал эми узундугу 1,5 – 4,0 мкм. Катуу чөйрөдө чон четтери тегиз колонияларды пайда кылат, алар илээшкек болушат, бирок арасынан кургак жана бырыш болгон колониялар дагы кездешет. Колониялардын үстү томпокой, жалтырак, түсү сары, ак, сары- кызыл болушу мүмкүн. Клеткалары кыймылдуу келет, шапалактары бар. *Pseudomonas* бактериялары аэробдуу, алар микробдук ценоздун эн маанилуу компоненттердин бири, экзоферменттердин кенири спектрин алып жүрүшөт, ошондуктан алар табыгый жана табыгый эмес субстратта өсө алышат. Энергиянын жана көмүртектин жалгыз булагы катары 60-80 органикалык кошулмаларды жана ошондой эле гетероциклдүү жана ароматикалык кошулмаларды дагы, башка бактериялардан айырмаланып, пайдаланууга жөндөмдүү келет. Биосинтетикалык жана катаболистикалык реакциясынын ар түрдүүлүгү, жогорку өсүү ылдамдыгы, бул бактерияларды биотехнологиянын ар түрдүү багытында колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

***Морфо-культуралдык касиеттери***

Жаны бөлүнүп алынган клеткалар бир типтүү, гомогендүү организм тобуна кирет. Колониянын морфологиясы, тоголок формада, томпокой, илээшкек, четтери тегиз, колониянын түсү киргилт-акдан, саргыч түстө болот. Чөйрөгө жашыл же кочкул- жашыл пигментти бөлүп чыгарат. 280С температурасында жакшы өрчүйт, рН-7,2, стандарттык чөйрөдө өсүшөт. Клеткалары таяк сымал, түз же ийрейген, экиден же жалгыз болуп жайгашышат, клеткалары полиморфизмге ээ эмес, изилденүүчү штамм – грамм терс таякча, кыймылдуу жана спора пайда кылбаган топтогу бактерия.

***Физиология-биохимиялык касиеттери***

Бардык псевдомонаддар кычкыл чөйрөдө өсө алышпайт (рН - 4,5), хемоорганотрофтор, $H_2$ же $CO_2$ энергия булагы катары пайдалана алалышат, табиятта кенири таралган, сырткы факторлорго туруктуу келет, 7% NaCl алат, рН - 6,2 и 8,3; өрчүй алалат, температурдук диапазону 14 - 42°С, көмүртектин жалгыз булагы катары D-глюкоза, манноза, маннит, сорбоза, рамноза, мальтозаны пайдаланат. Гидролитикалык ферменттерди пайда кылат, желатинди ажыратат, крахмалды гидролизге учуратат, денитрификация процессине катышат.

3.3.1-жадыбал

Биохимиялык анализдин жыйынтыктары

| № | Грамм менен боё | Грам терс (-) |
|---|---|---|
| 1 | **$H_2S$** | + |
| 2 | глюкоза | + |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | инозит | + |
| 4 | мальтоза | + |
| 5 | рамноза | + |
| 6 | сахароза | + |
| 7 | кыймылы | + |
| 8 | Лецитиназа активдүүлүгү | + |
| 9 | 7% NaCl | + |
| 10 | Т - $42^0$ С | + |
| 11 | Желатиндин ээриши | + |

Жадыбалдын маалыматы көрсөткөндөй эле, негизги диагностикалык ачкыч катары, псевдомонада үчүн жашыл-сары флуросценциясы бар пигменти, аны Кинг В чөйрөсүнөн аныктасак болот, бирок ошону менен бирге жалпы чөйрөлөрдө байкалат (ЭПА, ЭПШ, желатинде). *P.aeriginosa*- штаммы, биринчи интенсивдүү жашыл-сары пигмент пайда кылып, кийин кочкул-жашыл пигментке айланды, алар бир спецификалык жытка ээ жана колониялардын метал жарыкка ээ болушат.

**1. *Pseudomonas aeriginosa (Schroeter 1872) Migula 1900 – Pseudomonas* уруусунун типтүү түрү.**

Бул түрү эн изилденген түргө кирет. Азыркы учурда бул түрдүн касиеттерин активдүү изилдөөлөрү менен белгилүү, анткени госпиталдык инфекция катары кенири таралган түр. Изилденген штамм, бир нече физиологиялык жана биохимиялык касиеттерине жараша аныкталды. Ал 2 түрдү пигментти синтездейт,

денитрификацияга ээ, протеолитикалык, амилолитикалык жана лецитиназдык активдүүлүккө ээ.



Сүрөт 3.3.1 колониялардын пигменттин синтездөөсү



Сүрөт 3.3.2 Желатинди ажыратуусу



Сүрөт. 3.3.3. Ps-B штаммынын биохимиялык анализи



Сүрөт 3.3.4 Ps-B штаммдын микросүрөт

***2. Bacillus pumilus (Allen et all, 1983) -***

Domain: Bacteria

Phylum: Firmicutes Class: Bacilli Order: Bacillales Family: Bacillaceae Genus: Bacillus

*Bacillus pumilus*

***Морфо-культуралдык касиеттери***

*Bacillus pumilus* таякча бактерия, Грам-оӊ, аэробдук, спора пайда кылуучу бактериялар. Топуракта жашоочу бактерия, кээ бир *B. pumilus* антибактериалдык кызматын аткарат, өсүмдүк тамырынын аймагында колониялаштыруусунда катышат. Протелеатикалык касиеттери активдүү изилденип жатат. *B. pumilus* бактериясы ар түрдүү тармактарда колдонулат: тамак-аш, химиялык, өнөр жай (тери ашатуу, ж.б.) тармактарында. Адабиятта химиялык заттар менен булганган шарттарда дагы кенири кездешкенини белгилеп кетишет [13].

*B. pumilus*, Bacillus түркүм ичинде - *B. subtilis, B. megaterium жана B. cereus* деген түрлөр менен синоним болуп саналат. Грам он бактериялар тейхоялык жана липотейхоялык кислоталарын сырткы катмарында камтыйт. Бациллюстардын колониялары тегерек, четтери тегиз эмес, үстү кургак, бодуракай, микроскоптун астында клеткалары таякча же кыска чынжыр түрүндө же жуптуу болушат. Спора пайда болуусу 28-32 сааттын ичинде пайда болот.

***Физиология-биохимиялык касиеттери***

Бардык бациллюстар кычкыл чөйрөдө өсө алышпайт (pH - 4,5), органотрофтор, табиятта кенири таралган, сырткы факторлорго туруктуу келет, температурдук диапазону 14 - 38$^oC$, көмүртектин жалгыз булагы катары D-глюкоза, манноза, маннит, сорбоза, рамноза, мальтозаны пайдаланат. Гидролитикалык ферменттерди пайда кылат, желатинди ажыратат, крахмалды гидролизге учуратат, каталазаны жана уреазаны активдүү ажыратат, нитраттарды эритет. Кыймылы вариабелдүү.

3.3.2-жадыбал

Биохимиялык анализдин жыйынтыктары

| № | Грамм менен боё | Грам он (+) |
|---|---|---|
| 1 | Каталаза активдүүлүгү | + |
| 2 | глюкоза | + |
| 3 | Маннит | + |
| 4 | сорбит | + |
| 5 | мааноза | + |
| 6 | сорбоза | + |
| 7 | рамноза | + |
| 8 | мальтоза | + |
| 9 | кыймылы | -+ |
| 10 | Нитраттын ээриши | + |
| 11 | Уреаза | + |



Сүрөт. 3.3.5 SB-4 штаммынын биохимиялык анализи



Сүрөт. 3.3.6 SB-4 штаммынын микросүрөтү

**3. *Micrococcus luteus (*NCTC2665, "Fleming strain")**

***Морфо-культуралдык касиеттери***

*Micrococcus luteus* грам оң бирок өзгөрмө түргө кирет, вариабелдүү, кыймылсыз, сапротрофтук бактерия, аэроб, уреаза ажыратычуу, каталазалык жөндөмгө ээ. Ар кандай пигменттерди пайда кылат. Ультрафиолет нурларына туруктуу келет. Колониялары тегерек, четтери тегиз, томпокой, былжыр, ак түстү.

***Физиология-биохимиялык касиеттери***

Бардык кокктор табиятта кенири таралган, органотрофтор, сытрткы факторларга турукту келет, температурдук диапазону 14 - 42$^{o}$C, ультрафиолет нурларына туруктуу, комуртектин жалгыз булагы катары D-глюкоза, манноза, маннит, сорбит, пайдаланаалат. Гидролитикалык ферменттерди пайда кылат, желатинди ажыратат, крахмалды гидролизге учурайт, каталаза активдүү, уреазаны ажырыаталат, $H_2S$ пайдаланбайт. Кыймылсыз.

3.3.3-жадыбал

Биохимиялык анализдин жыйынтыктары

| № | Грамм менен боё | Грам он (+) |
|---|---|---|
| 1 | Каталаза активдүүлүгү | + |
| 2 | глюкоза | + |
| | манноза | |
| 3 | Маннит | + |
| 4 | сорбит | + |
| 5 | кыймылы | - |
| 6 | Нитраттын ээриши | + |
| 7 | Уреаза | + |



Сүрөт.3.3.7 SA-5 штаммынын колониялары



Сүрөт. 3.3.8 SA-5 штаммынын биохимиялык анализи



Сүрөт. 3.3.9 SA-5 штаммынын микросүрөт

## 3.4 Микроорганизмдердин деструкциялык кассиеттерин изилдөө

Кээ бир микроорганизмдердин түрлөрү, химиялык заттарды аккумуляциялоого жөндөмдүү болушат, алар ПДКдан он эседен да ашык эмес, жүз эседен жогору кармашы мүмкүн. Кээ бир изилдөөлөргө таянсак, микроорганизмдер, таза экологиялык зонадан бөлүнгөн микробдордун туруктуулугуна караганда, экологиялык шарттары начар топурактан изоляцияланган микробдордун туруктуулугу абдан жогору экендигин аныкташкан. [35, 36]. Ал микроорганизмдердин культуралары, химиялык заттардын максималдуу кармалышына адаптация болушуп, өзүнүн клеткасынан өткөрүп турушат жана активдүү өрчүй алышат.

Ушул айтылгандар бөлүп алган микроорганизмдердин түрлөрү менен бир нече тажрыйба жүргүздүк. Хлорорганикалык (альдикарб) жана фосфорорганикалык (тербифос) эскирген пестициддерди чөйрөнүн өзүнө киргиздик, ошондо, үч дозаны камтыган чөйрөнү пайдаландык: 0,5 г/л ; 1г/л жана 5 г/л., контроль



Сүрөт. 3.4.1. Пестицид кармаган чөйрөлөр

Сүрөттө көрүнүп тургандай, эле чөйрөнүнойронун өзүнө дагы бир нече эски хлорорганикалык жана фосфорорганикалык кошулмалардан турган, заттарды коштук. Ошондо, 0,5г/л жана 1 г/л дозада киргизилди жана үстүнкү катмарга бактерияларды $10^3$ кл/мл киргизип жайылтык. Эртеси күнү эле ар биринде өсүү пайда болду. Ошондуктан ар бир штаммды кайрадан, агар блочок ыкмасы менен текшерүүнү, чечтик.



Сүрөт.3.4.2 Агар блочок ыкмасы



Сүрөт.3.4.3 Өскөн микроорганизмдер



Сүрөт.3.4.4. Ар кандай пестициддин түрүнө блочок ыкмасы менен SB-1 штаммдын активдүүлүгүн текшерүү



Сүрөт.3.4.5 Ар кандай пестициддин түрүнө блочок ыкмасы менен штаммдын активдүүлүгүн текшерүү



Сүрөт.3.4.6 Ар кандай пестициддин түрүнө блочок ыкмасы менен штаммдын активдүүлүгүн текшерүү

**Сузак уу сактагычынан алынган топурак үлгүлөрүнү менен моделдик тажрыйбаларды жүргүзүү**

Моделдик тажрыйба жүргүзүдө, топурак үлгүлөрүнү **Suzac B** уусактагычтан алынган. Микробиологиялык биоремедиация, топуракта оптималдуу отүш үчүн, 1928 жылы эле Таусон деген илимпоз, аныктаптыр, алар төмөнкү шарттарды аткарыш керек экен:

- минералдык туздардын жана суунун жетиштиги;
- азот жана фосфордун жетиштиги;
- бош кычкылтектин жетиштиги;
- жана эн маанилүүсү pH көрсөткүчтөрүнүн нейтралдуу болушу.

3.4.1- Жадыбал

pH көрсөткүчтөрүн азайтууда төмөнкү варианттарды изилдедик:

| № | Тажрыйбанын варианттары | pH көрсөткүчтөрү, тажрыйбанын башында | pH көрсөткүчтөрү, тажрыйбанын аягында |
|---|---|---|---|
| 1. | Аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы | 8,05 | 7,82 |
| 2. | Гумин кислоталары, препарат «Эконат» + микроорганизм ассоциациясы | 8,05 | 7,72 |
| 3. | Аммоний+ микроорганизм ассоциациясы | 8,05 | 7,85 |
| 4. | Мочевина ($CH_4N_2O$)+ микроорганизм ассоциациясы | 8,05 | 7,62 |
| 5. | Контроль | 8,05 | 8,05 |

Көпчүлүк авторлордун сунушу менен, pH көрсөткүчтөрүн азайтуу үчүн, органикалык кошулмалар жакшы жыйынтык берүүсүн айтышат, бирок ал бир аз жай процесс болорун тактап кетишет, ал үчүн, биз вариант, катары, гумин кислоталарын негизиндеги “Эконат” деген препаратты колдондук.

Ал эми, тез жыйынтык бере турган болуп сульфат аммония $(NH_4)_2SO_4$ жана карбамид же мочевина заты, $CO(NH_2)_2$ . Экөөтен азоттук жер семирткич тобуна кирет. Бул заттарды өз эритмелерин туура дозадан азыраак кошулуп топуракка киргиздик. Андан сон, бир жумадан кийин, кайрадан pH көрсөткүчтөрүн, түшкөндөн кийин. Аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы киргизилди. Ар бир 2-3 күн топуракты нымдап турдук, жана pHтын өзгөрүүсүн байкап турдук.

Эгерде, баштапкы убакытта pH – 8,05 болсо; андан кийин, мочевина колдонгон вариантында pH – 7,62ге чейин түштү.

Тажрыйбаны үч ай ичи жүргүзүлдү (февраль-апрель 2018г.), анын сонунда, топурак үлгүлөрүнүн хромотографиядан өткөздүк. Анда, төмөнкү жыйынтыктарды алдык:

3.4.2- Жадыбал

Моделдик тажрыйбанын **Suzac B** уусактагычынын топурак үлгүлөрүнүн хромотографиялык жыйынтыктары

| **№** | **циддин тобунун аталышы** | **Саны [мг/кг]** |
|---|---|---|
| **1. Гумин кислоталары+ микроорганизм ассоциациясы** | | |
| 1. | Альфа-ГХЦГ | 0,004 |
| 2. | Гамма-ГХЦГ | 0,020 |
| 3. | Дельта-ГХЦГ | 0,031 |
| 4. | Альдрин | 0,068 |
| 5. | **Гептахлор** | **0,055** |
| 6. | Эндосульфан-1 | 0,543 |
| 7. | 4.4 DDE | 0,990 |
| 8. | Эндосульфан-2 | 0,339 |
| 9. | 4.4 DDD | 0,312 |
| 10. | Эндрин альдегид | 1,153 |

| | | |
|---|---|---|
| 11. | **Метоксихлор** | **2,073** |
| **2. Мочевина ($CH_4N_2O$)+ микроорганизм ассоциациясы** | | |
| 1. | Бета-ГХЦГ | 0,069 |
| 2. | Бета-ГХЦГ | 0,012 |
| 3. | Гамма-ГХЦГ | 0,016 |
| 4. | Дельта-ГХЦГ | 0,016 |
| 5. | **Гептахлор** | **1,961** |
| 6. | Альдрин | 0,087 |
| 7. | Эндрин | 0,244 |
| 8. | Эндосульфан-2 | 0,551 |
| 9. | 4.4 DDD | 0,652 |
| 10. | Эндрин альдегид | 0,292 |
| 11. | 4.4 DDT | 4,071 |
| 12. | **Метоксихлор** | **0,157** |
| **3. Аммоний+ микроорганизм ассоциациясы** | | |
| 1. | Бета-ГХЦГ | 0,074 |
| 2. | Гамма-ГХЦГ | 0,007 |
| 3. | Дельта-ГХЦГ | 0,017 |
| 4. | **Гептахлор** | **2,013** |
| 5. | Альдрин | 0,091 |
| 6. | Эндосульфан-1 | 1,038 |
| 7. | Эндрин | 0,336 |
| 8. | Эндосульфан-2 | 0,571 |
| 9. | 4.4 DDD | 0,685 |
| 10. | Эндрин альдегид | 0,545 |
| 11. | 4.4 DDT | 3,292 |
| 12. | **Метоксихлор** | **0,113** |
| **4. Аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы** | | |
| 1. | d-BHC | 0,006 |
| 2. | **Гептахлор** | **0,003** |
| 3. | Эндосульфан-1 | 0,028 |
| 4. | 4.4 DDE | 0,003 |
| 5. | Эндрин | 0,054 |
| 6. | Эндосульфан-2 | 0,012 |
| 7. | 4.4 DDD | 0,241 |
| 8. | 4.4 DDT | 0,022 |
| 9. | **Метоксихлор** | **0,976** |
| **5. Контроль** | | |
| 1. | Бета-ГХЦГ | 0,080 |
| 2. | Гамма-ГХЦГ | 0,006 |
| 3. | Дельта-ГХЦГ | 0,017 |

| | | |
|---|---|---|
| 4. | **Гептахлор** | **1,853** |
| 5. | Альдрин | 0,079 |
| 6. | Эндосульфан-1 | 0,970 |
| 7. | Эндосульфан-2 | 0,558 |
| 8. | 4.4 DDD | 0,550 |
| 9. | **4.4 DDT** | **3,747** |

Хромотографиялык анализдин жыйынтыктары, көрсөткөндөй эле, контролдук вариантта бардык хлорорганикалык кошулмалар абдан жогорку санда болгон. Ал эми аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы вариантында, баардык заттар аз санда кармалган. Мисалы, бир нече варианттарды салыштырсак, гептахлор, микроорганизмдердин ассоциациясы вариантында – 0,003 мг/кг; гумин кислота менен болгон вариантта - 0,055 мг/кг; мочевина ($CH_4N_2O$)+ микроорганизм ассоциациясыварианты менен контроль варианты бир аз айырмачылыгы менен болгон, 1,961 мг/кг, контролдо - 1,853 мг/кг. Ал эми, эн көп Аммоний+ микроорганизм ассоциациясы вариантында– 2,013 мг/кг болду.



Сүрөт. 3.4.7 Топурак микрофлорасы

Үчүнчү айдын соңунда ар бир варианттан микрофлорасын текшерүү максатында эт пептон агар чөйрөсүнө өстүрүлүп, 1г топуракта, канча микроорганизмдердин чөйрөдөгү өсүүсү каралды. Ошентип, топурактын микрофлорасынын көзгө көрүнөөрлүк деңгээлде байыганын көрө алдык.

# ЖЫЙЫНТЫК

Айыл чарба жерлеринин химиялык-синтетикалык пестициддер менен булгануусу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси. Бул маселени чечүү заманбап айыл чарбанын эң приоритеттүү милдети. Кыргыз Республикасынын шартында бул маселе өзгөчө статуска ээ. Себеби, биздин өлкөдө тыюу салынган жана мөөнөтү өтүп кеткен пестициддерди колдонуунун абалы өтө ыңгайсыз шартта. Аталган пестициддер уусактагычта жана сакталган эски кампалар кайтаруусуз калып, анын айланасындагы флора менен фаунага терс таасирин тийгизүүдө. Табигый шарттарда пестициддер абиотикалык жана биотикалык факторлор менен деструкцияга учурашат. Биотикалык факторлордун ичинен негизги ролду топурак микрофлорасындагы процесстер ойнойт жана ал процесстерге көз салуу аракетинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келдик.

Лабораторлук шартта жүргүзүлгөн моделдик тажрыйба үчүн уусактагычтын топурактарынан бөлүнүп алынган бактериялар жана козу карындар тандалып алынды.

Тажрыйбага колдонулган топурактар хроматографиялык анализге берилди. Хлорорганикалык бирикмелердин ажыраганы байкалды. Хромотографиялык анализдин жыйынтыктары көрсөткөндөй эле контролдук вариантта бардык хлорорганикалык кошулмалар абдан жогорку санда болду. Ал эми, аборигендүү микроорганизмдердин ассоциациясы вариантында бардык заттар аз санда кармалган. Мисалы, бир нече варианттарды салыштырсак, гептахлор, микроорганизмдердин ассоциациясынын вариантында – 0,003 мг/кг; гумин кислота менен болгон вариантта - 0,055 мг/кг; мочевина ($CH_4N_2O$)+микроорганизм ассоциациясы варианты менен контроль варианты бир аз айырмачылыгы менен окшош көрсөткүчтөргө ээ болду 1,961 мг/кг, контролдо - 1,853 мг/кг. Ал эми эн көп саны аммоний сульфаты жана микроорганизм ассоциациясы вариантында, б.а. – 2,013 мг/кг көрсөткүчүн берди.

Жогоруда айтылгандарды эске алсак, топурактагы кандай гана химиялык затты болбосун, аларды ажыратуу үчүн жергиликтүү микроорганизмдерди же алардын ассоциациясын тандоо сунушталат.

Анткени, аборигендик микроорганизмдер жергиликтүү топурак шарттарына адаптацияланышат. Алардын эң негизги артыкчылыгы – уу бар жана булганган чөйрөдө жашап кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

# КОРУТУНДУ

1. Сузак уусактагычынын топурагын хромотографиялык анализин өткөрүүдө хлорорганикалык кошулмалардын саны өтө жогору экенини аныктадык. Ар бири чектен чыгуу концентрациясынан ПДКдан, абдан чон. Мисалы, **Гептахлор-эпокс – 15418,160; гептахлор – 1371,921; альдрин – 1326,939; D-BHC – 2283,103.**
2. Сузак уусактагычынын топурак микрофлорасы өтө төмөн, жергиликтүү микрофлора болгону 3 түрдү бактериядан жана 5 түрдү козукарындан турарын аныктадык. Бактериялардын биохимиялык касиеттерин изилдеп, алардын түргө чейин аныктадык ***Pseudomonas aeriginosa, Bacillus pumilus, Micrococcus luteus.***
3. Чөйрөнүн өзүнө эскирген пестициддерди киргиздик, хлорорганикалык (альдикарб) жана фосфорорганикалык (тербифос), ошондо, үч дозаны камтыган чөйрөнү пайдаландык: 0,5 г/л ; 1г/л жана 5 г/л., контроль. Бактерияларды $10^3$ кл/мл киргизип жайылтык. Жыйынтыгында бардык дозада өсүүсү жакшы болгонун байкадык.
4. Чункур ыкмасын колдонуп анда болсо, бактерияларды $10^3$ кл/мл чөйрөгө киргизилип, чункурга эскирген пестициддерди киргиздик, дозалары болсо: 3 г/л; 5 г/л; 15 г/л. Жыйынтыгында 15г/л дозада микроорганизмдердин өсүүсү токтоду.
5. Моделдик тажрыйба жүргүзүлдү, анда pH көрсөткүчүн азайтуу максатында, ар кандай химиялык заттар булганган Сузак В уусактагычынын топурагы болду.
6. Жыйынтыгында, моделдик тажрыйбалардын топурактарын хромотографиялык анализин жүргүздүк. Мисалы, гептахлор заты, микроорганизмдердин ассоциациясы вариантында – 0,003 мг/кг; гумин кислоталар менен болгон вариантта - 0,055 мг/кг; мочевина ($CH_4N_2O$)+ микроорганизм ассоциациясы варианты менен контроль варианты бир аз айырмачылыгы менен, окшош көрсөткүчтөргө ээ болду, 1,961 мг/кг, контрольдо - 1,853 мг/кг. Ал эми, эн көп Аммоний + микроорганизм ассоциациясы вариантында – 2,013 мг/кг болду.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


[1] Bekkoenov M., Jumaev I., Hadjamberdiev I. Persistent organic pollutants inTien-Shen: Storages and health /сб 2-го Форума по Экологической химии, Кишенев май 2005.

[2] Bozarth G.A., Funderburk H.H. Effect of new pesticides on soil microorganisms // Weed Science. 1971. - V. 19. - P. 691 -695.

[3] Country Report from Kazakhstan. Presented at the First Technical WorkshopUNEP/GEF Regionally Base Assessment of PTS, Central North- East Asia Region(Region VII), 18-20 March, Tokyo, Japan.

[4] H. M. Shivaramaiah and I. R. Kennedy, "Biodegradation of endosulfan by a soil bacterium," *Journal of Environmental Science and Health Part B: Pesticides, Food Contaminants, and Agricultural Wastes*, vol. 41, no. 6, pp. 895–905, 2006. View at Publisher · View at Google Scholar · View at Scopus

[5] Hadjamberdiev I., Begalieva G. // Proceed 7-th Forum of HPC, Kiev June 2003.HadjamberdievI. Computer-cartography estimation of health-dangerouslocus in Tien-Shan. //3-d Intern conf Env Impact Assessment, Prague 23-26 Sept 1996.Prague: Czech Technical univ, 1996, v.4, p.703-705.

[6] Hadjamberdiev I., Tukhvatshin R. Health disorder asconsequence of Международный проект поликвидации СОЗ – IPEP(www.ipen.org) 9 environment disorder //Proceed "Ecology of Kyrgyzstan" conf, Bishkek, 2002, p.104-106.

[7] Kazuhiro TAKAGI1,2*, Ryota KATAOKA1 and Kenichi YAMAZAKI2,1 1 Organochemicals Division, National Institute for Agro-Environmental Sciences (NIAES) (Tsukuba, Ibaraki 305–8604, Japan) 2 Graduate School of Agricultural Chemistry, Tokyo University of Agriculture (Setagaya,

Tokyo 156–8502, (Japan), JARQ 45 (2), 129 – 136 (2011)
http://www.jircas.affrc.go.jp REVIEW Recent Technology on Bio- remediation of POPs and Persistent Pesticide

[8] P. N. Tallur, V. B. Megadi, and H. Z. Ninnekar, "Biodegradation of Cypermethrin by *Micrococcus* sp. strain CPN 1," *Biodegradation*, vol. 19, no. 1, pp. 77–82, 2008. View at Publisher · View at Google Scholar · View at Scopus

[9] Pak V.A., Shakirov K. The review of a problem and a plan of action on destruction of the forbidden and unsuitable pesticides in Kyrgyzstan, as potentialsources Persistent Organic Pollutants (POPs). The State Department onChemicalization and Plant Protection of the Ministry Rural and a WaterManagement and a Process Industry of Kyrgyz Republic. UNEP, the Subroutineon chemical substances. 2002.

[10] Pak V.A., Shakirov K. The review of a problem and a plan of action on destruction of the forbidden and unsuitable pesticides in Kyrgyzstan, as potentialsources Persistent Organic Pollutants (POPs). The State Department onChemicalization and Plant Protection of the Ministry Rural and a WaterManagement and a Process Industry of Kyrgyz Republic. UNEP, the Subroutineon chemical substances. 2002.

[11] S. Kumar, A. Anthonisamy, and S. Arunkumar, "Biodegradation of methyl parathion and endosulfan using: *Pseudomonas aeruginosa* and Trichodermaviridae," *Journal of Environmental Science and Engineering*, vol. 53, no. 1, pp. 115–122, 2011. View at Google Scholar

[12] Samuratova R.B., Ishanculov M., Mazhitova Z.K. Consequence of stable toxicsubstances influence on the health of the Aral Sea Region population. Presented at the 2nd Technical Workshop of UNEP/GEF Regionally Based Assessment of PTS, Central and North East Asia Region (Region VII) , 14- 16 May 2002, HongCong SAR, PRChina.

[13]Sethunathan N. Degradation pesticides of microorganisms. 1973. - V.47. -P. 143-165.

[14]Shakirov K., Bekkoesnov M. Country Report from Kyrgyzstan, presented at the 1st Technical Workshop of UNEP/GEF Regionally Based Assessment of PTS, Central and North East Asia Region (Region VII), 18-20 March 2002, Tokyo, Japan. 2002.

[15]Summers A.O. Bacterial resistance to toxic elements // Trends Biotechnol. 1985. Vol.3. №5. P. 122-125.

[16]Бойко В.Ф., Цитович И.К. Агрохимическая лаборатория (практическое руководство), -М.:Советская наука, 1959. -498с.

[17]Болотный А. Л. Миграция пестицидов в окружающей среде // В кн.: Повышение эффективности применения химических средств защиты растений. Воронеж: БИ, 1979. С. 198-199.

[18]Бублик Л.И., Васильев В.П., Гороховский Н.А. Охрана окружающей среды при использовании пестицидов. Киев: Урожай, 1983. - 128с.

[19]Вашков В.И. Хлорированные углеводороды. В кн.: Инсектициды. -М.: Наука, 1965.-С. 16-54.

[20]Гар К.А. Химические средства защиты сельскохозяйственных культур. -М.: Россельхозиздат, 1978. -143.

[21]Гаранькина Н.Г., Павленко В.В. Деградация ФОП дрожжами // Тез. докладов «Микробиологические методы защиты окружающей среды». - Пущино, 1988.-С. 37.

[22]Головлева Л.А., Головлев Е.Л. Микробиологическая деградация пестицидов // Успехи микробиологии. 1980. - № 15. - С. 137-139.

[23]Государственный доклад «О состоянии окружающей природной среды в 1998 году».

[24]Грин М.В., Хартли Г.С., Вест Т.Ф. Пестициды и защита растений / Пер. с англ. под ред. Голышина Н.М. М.: Колос, 1979. - 384 с.

[25]Груздев В.А. Химическая защита растений. М.: Агропромиздат, 1987. 415 с.
[26]Дворникова Т.П., Гранатская Т.А., Толочкина С.А., Сирецану Л.Ф., Мику А.Г. Микробная деградация пестицидов. Кишинев: Штиинца, 1991.-С. 10-11.
[27]Дегтярева В.Н. Методы определения микроколичеств пестицидов. - Казань: КГУ, 1986. 65 с.
[28]Джумаев И., Хаджамбердиев И. Информационные ресурсы по стойкиморганическим загрязнителям. Экобюллетень «Мурок» (для жителей сел на кырг.яз), 2004, N 1-2, с. 28-34.
[29]Джумаев И., Хаджамбердиев И. Что такое СОЗ? Экобюллетень «Мурок» - медицинская экология, 2004, N 3-4, с.14-19.
[30]Звягинцев Д.Г. Успехи и современные проблемы почвенной микробиологии // Почвоведение. 1987. № Ю. С. 44-52.
[31]Кандыбин Н.В. Микробиологические средства защиты растений//Научные основы защиты растений. М.,1984, с. 175-199.
[32]Катрук Э.А., Усатая А.С., Тарасевич Л.И. Взаимодействие пестицидов с микроорганизмами. Кишинев, 1984. - С. 18-30
[33]Колупаев А.В. Почвенные микроорганизмы-биодеструкторы органических пестицидов. Автореф. – Москва, 2010. – 27 с
[34]Конурбаева М.У. Технология получения опытных препаратов на основе бактерий рода *Pseudomonas*, //Известия вузов, №1, 2011, с.39-41
[35]Конурбаева М.У. Углеводородокисляющая способность культур *Pseudomonasfluorescens*, в почве (модельные опыты), //Наука и новые технологии, №5, 2009, с.113-117
[36]Ксенофонтова О.Ю., Чиров П.А. Экспериментальные данные о взаимодействии микроорганизмов и пестицидов в почве. Поволжский экологический журнал. 2005. №1. с. 29-35.

**ӨМҮР БАЯН**

ЖЕКЕ МААЛЫМАТ

| | |
|---|---|
| Аты жөнү | Эдил Нооруз Кулжабаев |
| Улуту | Кыргыз |
| Туулган жылы | 21.03.1994 |
| Жашаган жери | Чүй областы, Бишкек шаары |
| Телефон | +9960550139189 |
| e-mail | edil.kulzhabaev@gmail.com |

БИЛИМИ

| Даража | Окуу жайы | Бүтүргөн жылы |
|---|---|---|
| Магистратура | Кыргыз-Түрк Манас университети, Табигый илимдер институту, Өсүмдүктөрдү коргоо багыты | 2018 |
| Бакалавр | Кыргыз-Түрк Манас университети, Айыл-Чарба факультети, Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү | 2016 |
| Орто мектеп | Беловодск айылы, К. Сыйданов орто мектеби | 2011 |

ИШТЕГЕН ЖЕРЛЕР

| Жыл | Мекеме аты | Кызматы |
|---|---|---|
| 2017-… | Кыргыз Респуликасынын Илим жана Билим берүү министрлиги | Лаборант |

БИЛГЕН ТИЛДЕРИ

Кыргызча (Эне Тил) Орусча
Түркчө Англисче

**ÖZGEÇMİŞ**

KİŞİSEL BİLGİLER

| | |
|---|---|
| Adı, Soyadı | Edil KULCABAEV |
| Uyruğu | Kırgız |
| Doğum Tarihi ve Yeri | 21.03.1994. Bişkek |
| Tel: | +9960550139189 |
| e-mail | edil.kulzhabaev@gmail.com |

EĞİTİM

| Derece | Kurum | Mezuniyet Tarihi |
|---|---|---|
| Yüksek Lisans | Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Fen Bilimler Enstitüsü, Bitki Koruma Ana Bilim Dalı | 2018 |
| Lisans | Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Ziraat Fakültesi Bitki Koruma Bölümü | 2016 |
| Lise | K. Sıydanov okulu | 2011 |

IŞ DENEYIMLERI

| Yıl | Kurum | Görev |
|---|---|---|
| 2017-… | Kırgız Cumhuriyeti Eğitim ve Bilim Bakanlığı | Laborant |

YABANCI DİL

Rusça Türkçe Ingilizc